*Кукеева Н.А., Бакиева Ж.З., Джакыпбеков К.*

# ЗАМАНБАП МААЛЫМАТ ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫН НЕГИЗИНДЕ СТУДЕНТТЕРДИН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨСҮН УЮШТУРУУ МАСЕЛЕЛЕРИ

*Кукеева Н.А., Бакиева Ж.З., Джакыпбеков К.*

# ЗАДАЧИ ОРГАНИЗАЦИИ САМОСТОЯТЕЛЬНОЙ РАБОТЫ СТУДЕНТОВ НА ОСНОВЕ СОВРЕМЕННОЙ ИНФОРМАЦИОННОЙ ТЕХНОЛОГИИ

*N.A. Kukeeva, Zh.Z. Bakieva, K. Dzhakypbekov*

# TASKS OF THE ORGANIZATION OF INDEPENDENT WORK OF STUDENTS ON THE BASIS OF MODERN INFORMATION TECHNOLOGY

*УДК: 378.147:04*

*Макаланын максаты – студенттердин өз алдынча иштөөсүндө (СӨИ) заманбап маалымат технологияларын колдонуусун туура уюштуруу маселелери каралган. студенттердин өз алдынча иштөөсүндө заманбап билим берүүнүн негизин түзгөндүктөн, аны максаттуу, системалуу уюштуруу окутуунун татаал проблемасы катары каралып, таанып-билүү концепциясы алкагында студенттердин өз кесибинин өзгөчөлүктөрүнө жараша компетенттүүлүгүн калыптандырат.*

***Негизги сөздөр:** студенттердин өз алдынча иштөөсү, компетенттүүлүк, маалымат технологиялары, таанып-билүү концепциясы.*

*Цель статьи – организация самостоятельной работы студентов (СРС) на основе современных информационных технологий. Авторами рассмотрена систематическая, целевая организация самостоятельной работы студентов на основе концепции, учитывая особенности специальностей для повышения компетентности.*

***Ключевая слова:** самостоятельная работа студентов, компетентность, информационная технология, концепция.*

*The purpose of the article - the organization of independent work of students (IWS) on the basis of modern information technologies. The authors systematically reviewed, target organization of independent work of students based on the concept of taking into account the particular specialties to enhance competence.*

***Key words:** independent work of students, competence, information technology, concept.*

Адамзат илимдин жана жогорку технологиялардын ролунун реалдуу жогорулашы аркылуу өзүнүн өнүгүүсүнүн жаңы өнүгүү дооруна өтүүсүндө коомду маалыматташтыруу жана экономиканы глобалдаштыруу маселелери билим берүүнүн системасына жаңы талаптарды коёт.

Окуу процессинде улам барган сайын маалыматтык компьютердик технология (МКТ) кеңири колдонулуп келүүдө. Аларды сабаттуулук менен туура колдоно билген учурда билим берүү процессинин эффективдүүлүгү олуттуу жогорулайт. Мүмкүн болушунча бардык дидактикалык маселелерди эффективдүү чечүүгө ылайыкташтырылган атайын окутуучу программалар менен жабдылган компьютерлер маалыматтарды чыгарып берүүнү, жыйынтыктарды текшерүүнү жана коррекциялоону, машыгууга берилген көнүгүүлөрдү аткарууну ж.б.у.с. аткара алат.

Заманбап педагогикалык технологияларды заманбап маалыматтык технологиялар менен бирдикте колдонуу боюнча билим берүү процессинин эффективдүүлүгүн жогорулатып, жогорку окуу жайлардын алдындагы эң негизги милдеттеринин бири болгон ар тараптуу өнүккөн, чыгармачыл, эркин инсанды тарбиялоо маселесинин чечилишине алып келет.

Компьютер менен активдүү иштөө студенттердин өз алдынча билим алуусундагы билгичтикеринин, көндүмдөрүнүн калыптанышын бир топ жогорку деңгээлде камсыздайт. Ошону менен бирге бул жаңы окуу каражаты, маалыматтык-коммуникативдик жана жеке инсанга багытталган технология чыгармачыл жана изденүүчүлүк ишмердүүлүктү органикалык айкалыштыруу мүмкүнчүлүгүн түзүп берет. Азыркы күндө, компьютердик технологияны окутуу процессине киргизип жайылтуу жогорку билим берүүдөгү маселелердин ажырагыс бир бөлүгү болуп эсептелет.

Компьютердин бардык мүмкүнчүлүктөрүн колдоно билген, чыгармачыл окутуучу мындай сабактардан өзү гана эмес студенттерине дагы жылуу маанай тартуулап, аларды таанып-билүүгө жана чыгармачылыкка тартып, билим берүү процессин бир кыйла жогорку деңгээлге көтөрөт.

Педагог мүмкүнчүлүгүнүн жетишинче кесиптик чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн үстүндө өз алдынча такай иштөөсү зарыл, себеби мугалим өзү чыгармачыл инсан болуп туруп гана студентти чыгармачыл инсан катары өнүктүрө алат;

Каалаган типтеги сабакта окутуучу студенттердин алдына чыгармачыл жана проблемалуу тапшырмаларды коет. Конкреттүү жумуш жагдайларын аныктайт жана өз алдынча иштөөсүнө багыт берип тапшырмаларды текшерет. Сабакта студенттердин өз алдынча ишин аткаруусундагы жыйынтыгын окутуучу тарабынан текшерүүсү студенттердин теориялык билимди сапаттуу колдоно билүүсүнө үйрөтөт. Үйрөнүлүп жаткан материал терең өздөштүрүлөт, студенттердин лекцияга болгон мааниси өзгөрөт, предметтин теориясын түшүнбөй туруп, жакшы конспектисиз, маселелерди чечүүдө ийгиликке жетишүү мүмкүн эмес. Бул практикалык жана лекциялык сабактарга катышууну жакшыртат. Лекциялык материалдарды демонстрациялоодо жана башка тренинг семинарларды өтүүдө, докладдарды

окууда Microsoft Officeтин каражаттарын колдонобуз.

Студенттерге терең жана бекем билим берүүдө өз алдынча иштерди туура, максаттуу, системалуу уюштуруу чоң роль ойнот. Студенттердин өз алдынча иши заманбап билим берүүнүн негизин түзөт. Ошондуктан, окутуу процессинде студенттерди окутуунун бул формасынын спецификасын уюштуруу татаал проблемалардан болуп эсептелинет.

➢ студенттердин өз алдынча иши – бул окутуучунун методикалык жетекчилиги астында, бирок анын түздөн-түз катышуусуз, берилген тапшырмаларды аткаруудагы студенттин пландаштырган иштери;

Студенттердин өз алдынча ишинин эки түрүн белгилеп көрсөтүүгө болот: жогорку окуу жайларындагы сабактардын жана жазма тапшырмалардын аткарылышы.

Студенттердин өз алдынча иши (СӨИ) окуу процессинин негизги бөлүгү. Өз алдынча иштерди аткарууда студенттердин билимин, көндүмдөрүн жана билгичтигин калыбына келтирүү жүргүзүлөт, андан ары алардын таанып билүү ишмердүүлүгүн өздөштүрүүсү камсыз кылынат, чыгармачыл ишке кызыгуусу жана чыгармачыл-илимий маселелерди чечүүгө болгон жөндөмдүүлүгү калыптанат.

Таанып-билүү концепциясы студенттин психологиялык өзгөчөлүктөрүн, жөндөмдөрүнүн өнүгүү деңгээлин аныктоого жана аны эске алууга, алардын инсандык багыттуулук мамилесинин калыптанышына мүмкүндүк берет. Предметти үйрөнүүдөгү студенттердин өз алдынча таанып-билүүчүлүк мүмкүнчүлүктөрүн өстүрүү, окуу ишмердүүлүктөрүн активдештирүү ЖОЖдогу педагогикалык процессти өнүктүрүүнүн негизги багытына, ошондой эле окутуунун практикасынын актуалдуу проблемасына кирет.

Илимий-методикалык изилдөөлөрдөгү талдоо төмөнкүдөй тыянак чыгарууга мүмкүнчүлүк берет: таанып-билүүчүлүк кызыгуу – бул инсандын таанып-билүү процессиндеги өзгөчө багыттуулук, анын баалуулугуна ээ болгон жана окуп-үйрөнүүгө, предметти өздөштүрүүгө студенттин умтулуусу менен, бул же тигил предметтик билимдин аймагында туюнтулган иш-аракет. Үйрөнүп өздөштүрүү үчүн студент тандап алган предметинин жашоо-турмушундагы маанисин мыкты билүүгө тийиш:

Өз алдынча таанып-билүүчүлүк кызыгуунун өзгөчөлүгү анын ишмердүүлүк процессин тездетип активдештиргендигинде. Таанып-билүүгө кызыгуу – кабыл алуу механизмдерин эркин коюучу жана ой жүгүртүүнүн механизмдерин гана эмес, кабыл алуунун, өзүн-өзү алып жүрүүнүн механизмдеринин жөндөмдүүлүгүн да жогорулатуу үчүн шарттарды түзүүчү элементтердин бири.

Окумуштуулар кызыгууну жаратуунун жалпы психологиялык эрежелери төмөнкүлөр деп эсептейт: предметке кызыктыруу адамды кызыктырган кандайдыр бир нерсе менен байланышуусу керек, ошондой эле ал ишмердүүлүктүн жаңы түрлөрүн өз ичине камтууга тийиш, болбосо кызыгуу натыйжасыз болуп калат. Өтө эле жаңы түшүнүк да эски түшүнүктөр сыяктуу эле бизди кызыктыра албайт. Демек, кайсы бир предмет же кубулушка карата студенттин жеке мамилесин, кызыгуусун пайда кылуу жана калыптандыруу үчүн предметтин ага түшүнүктүүлүгүн жана жеткиликтүүлүгүн эске алып, үйрөнүүнү анын жеке ишине айландыруу зарыл, мына ошондо гана ийгиликке жетерибизге ишенсек болот.

Таанып-билүүчүлүк кызыгуу – окуу ишмердүүлүгүндөгү абдан маанилүү маселе. Күч эмгеги да, акыл эмгеги да ага карата кызыккан мамиле болмоюнча өзүнүн жогорку деңгээлине жете албайт. Кызыгуу ар кандай ишмердүүлүктүн жаратуучусу, аны эч тартынбай субъективдүү көрүнүштөрдүн баштапкы формасы деп атаса да болот, себеби ал түрдүү түшүнүктөрдөн, көрүнүштөрдөн, айлана-чөйрөдөгү кубулуштардан инсандын жеке каалоосу менен тандалып алынат.

Ошол эле мезгилде, таанып-билүүгө кызыгуу – жеке инсандык билим алуу, жекече өзгөчөлүк жана ар кимдин өзүнүн жашоо шартына жараша жекече иши. Таанып-билүүчүлүктүн психологиялык табиятын инсан үчүн абдан маанилүү болгон процесстердин ажырагыс комплекстери (интелектуалдык, эмоционалдык, эрктик) түзөт. Окутуучу студенттин кызыгуусуна таянуу менен, анын интеллектуалдык активдүүлүгүнө, эмоционалдык өсүшүнө, эрктик умтулуусуна таасир эте билүүсү керек. Өз алдынча таанып-билүү процессин окутуунун көңүлдүү жана жагымдуу жагдайын, ошол эле мезгилде үйрөнүүнүн интенсивдүүлүгүн камсыз кылган окутуудагы маанилүү факторлордун бири катары кабыл алууга тийишпиз.

Өз алдынча таанып-билүүчүлүк кызыгуу сабактын натыйжалуулугун, окуу куралдарынын сапатын, студенттин өз алдынчалуулугун арттыруучу дидактикалык проблемаларды иштеп чыгуудагы негизги фактор экендигин изилдөөчүлөр тастыктайт.

Студенттердин өз алдынча таанып-билүүчүлүк кызыгуусунун калыптандырууга студент өзү тандап алган материалды чын дили менен окуп-үйрөнүү; үйрөнүү иш-аракетинде башка нерсеге алаксыбоо; айрым кыйынчылыктарга туш келсе, артка кайра кайтпоо; түшүнүксүз маселелер пайда болсо, анын маңызын толук өздөштүрмөйүн жаны жай албоо кирет.

Билимге болгон кызыгууну калыптандыруу жана окуу материалдарын бышыктоо азыркы педагогиканын эң актуалдуу проблемаларынын бири, өз алдынча таанып-билүүчүлүк кызыгуунун негизги шарттары төмөнкүлөр: студенттердин активдүү ой-жүгүртүүсү; таанып-билүүчүлүк кызыгууну жана инсанды калыптандыруу; окутуунун эмоционалдык маанайын түзүү.

Терең кызыгуу пайда болгондо биринчи орунга өз алдынча таанып-билүүчүлүк кызыгуу чыгат. Жүргүзүлгөн социалдык изилдөөлөр көрсөткөндөй, бардык эле студенттердин окугусу келет, бирок кээде окууга болгон кызыгуу жоголуп да кетиши мүмкүн. Ошондуктан окутуучунун милдети маалымат-материал берүү гана эмес, билимге болгон

кызыгууну ойготуу, студент менен биргелешип иштешүүнүн ыкмасын табуу болуп эсептелет.

Компьютер жаңы материалды түшүндүрүүдө, бышыктоодо, кайталоодо, текшерүүдө башкача айтканда окуу процессинин бардык этаптарында колдонулат.

Азыркы мезгилдин талабында окутуунун жыйынтыгын баалоодо формалдуулуктан четтөөнүн бирден бир жолу катары тестирлоо сунушталат. Себеби, тестирлөөдө окутуу аяктаганда окуучу кандай билимдерге ээ боло тургандыгы эсепке алынат; окутуунун жыйынтыгын чыгаруучу инструмент компьютер бар; демек тести белгилүү шкала менен баалоого жана өлчөөгө мүмкүн.

Мисалга информатика сабагындагы төмөндөгү тестти карап көрөлү:

“Базалык таблицада сөзсүз түрдө кайсыл ачкыч болушу керек:

а) тышкы ачкыч;

б) биринчи ачкыч;

в) курамдык ачкыч;”

Жообу даяр берилгендиктен студенттерге өз алдынча ойлонуусуна көп кыйынчылык туудурбайт өз алдынча иш берген ылайыктуу.

Ошондуктан өз алдынча ишти реферат катары бергенде ар бир студент өз кесибине ылайыкташтырып, маалыматтар базасы боюнча өздөштүргөндүгүн көрсөтө алат.

Азыркы мезгилде көп окуу китептери компьютердик сайттарга жайгаштырылып, электрондук окуу куралдарында айланган. Бирок, электрондук окуу куралы эле эмес, анын студенттердин өздөштүрүүсүн текшерүү системасы менен биргелешкен программалар жана мугалим менен студенттер ортосундагы он-лайн режиминдеги түз байланышы дагы заманбап технологиянын зор жетишкендиги болуп эсептелет. Ушул мүмкүнчүлүктөрдүн негизинде азыркы убакта аралыктан окуу факультетттери иштеп жатат.

**Адабияттар:**


1. Новые педагогические и информационные технологии в системе образования / Под ред. Е.С. Полат. - М., 2000.
2. Мирошникова, М.М. Контроль знаний по математике с применением ЭВМ [Текст] / М.М. Мирошникова, В.Б. Ожегов, Л.А. Черкес. - СПб: Высшая школа. - 2000. - 192 б.
3. Байсалов Ж.У., Модульные обучения в профессионально-педагогической подготовке студентов-математиков в педвузе [Текст]: 13.00.02 дисс. докт. пед. наук: 12.00.02 / Ж.У. Байсалов. - Алматы, -1998. - 309б.
4. Организация самостоятельной работы студентов. - Елец: ЕГПИ, 1998. - 57-б.


**Рецензент: к.ф.-м.н., доцент Бекболотов Д.Б.**